**Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы**. Кыргыз Республикасындагы товарлардын *тышкы* жана *өз ара соодасынын көлөмү* 2026-ж. январь-июнда 7 904,7 млн. АКШ долларын түздү жана 2025-ж. январь-июнуна салыштырмалуу 1,4 пайызга өстү.

Экспорттук жөнөтүүлөр[1] 1 069,5 млн. АКШ долларын түзүп жана негизинен КМШга кирген өлкөлөргө товарларды чыгаруунун 3,4 пайызга кыскаруусунун эсебинен 11,1 пайызга төмөндөдү.

Импорттук келип түшүүлөр[2] 6 835,2 млн. АКШ долларын түзүп, 2025-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу КМШга кирбеген өлкөлөрдөн товарлардын келип түшүүлөрүнүн 1,2 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен 3,7 пайызга жогорулады.

[1] ФОБ баасы боюнча экспорт – экспорттоочу өлкөнүн чек арасына чейин жүктү жеткирүү боюнча чыгымдарды жана анын наркын камтыган товардын баасы.
[2] СИФ баасы боюнча импорт – импорттоочу өлкөнүн чек арасына чейин камсыздандыруу жана ташуу боюнча чыгымдарды жана анын наркын камтыган товардын баасы.

Товар жүгүртүүнүн түзүмүндө экспорттун үлүшүнө 13,5 пайызы, импорттун үлүшүнө 86,5 пайызы туура келди.

2026-жылдын январь-июнунда соода балансынын терс сальдосу 5 765,7 млн. АКШ долларын (2025-ж. январь-июнунда - 5 387,9 млн. доллар) түздү.

Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен болгон өз ара соодага 38,5 пайызы, анын ичинде экспортко 52,5 пайызы, импортко 36,3 пайызы туура келди.

Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө үчүнчү өлкөлөр менен болгон тышкы соода 61,5 пайызды, анын ичинде экспорт 47,5 пайызды, импорт 63,7 пайызды түздү.

**69-таблица: Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы**

| | Тышкы жана өз ара соода - бардыгы | | | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | экспорт | | | импорт | | |
| | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурун-ку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тиешелүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен |
| **2025** | | | | | | | | | |
| Январь | 1 066,6 | 88,2 | 63,8 | 168,3 | 87,3 | 30,6 | 898,3 | 88,4 | 80,1 |
| февраль | 1 181,8 | 97,2 | 110,8 | 190,5 | 118,0 | 113,2 | 991,3 | 94,0 | 110,4 |
| Март | 1 432,5 | 93,4 | 121,2 | 212,7 | 97,0 | 111,7 | 1 219,8 | 92,7 | 123,1 |
| Апрель | 1 468,1 | 107,5 | 102,5 | 253,2 | 95,0 | 119,0 | 1 214,9 | 110,5 | 99,6 |
| Май | 1 326,6 | 93,8 | 90,4 | 143,9 | 46,7 | 56,8 | 1 182,7 | 106,9 | 97,3 |
| Июнь | 1 317,1 | 105,3 | 99,3 | 233,8 | 85,1 | 162,5 | 1 083,3 | 111,0 | 91,6 |
| Январь-июнь | 7 792,7 | 97,5 | - | 1 202,4 | 84,5 | - | 6 590,3 | 100,4 | - |
| **2026** | | | | | | | | | |
| Январь | 1 112,5 | 104,3 | 74,3 | 156,6 | 93,0 | 73,8 | 955,9 | 106,4 | 74,4 |
| Февраль | 1 099,3 | 93,0 | 98,8 | 166,7 | 87,5 | 106,4 | 932,6 | 94,1 | 97,6 |
| Март | 1 255,1 | 87,6 | 114,2 | 188,9 | 88,8 | 113,3 | 1 066,2 | 87,4 | 114,3 |
| Апрель | 1 471,3 | 100,2 | 117,2 | 194,2 | 76,7 | 102,8 | 1 277,1 | 105,1 | 119,8 |
| Май | 1 371,6 | 103,4 | 93,2 | 172,0 | 119,5 | 88,6 | 1 199,6 | 101,4 | 93,9 |
| Июнь | 1 594,9 | 121,1 | 116,3 | 191,1 | 81,7 | 111,1 | 1 403,8 | 129,6 | 117,0 |
| Январь-июнь | 7 904,7 | 101,4 | - | 1 069,5 | 88,9 | - | 6 835,2 | 103,7 | - |

КМШдан тышкаркы өлкөлөрдүн ичинен Кытай (өлкөнүн экспортунун жалпы көлөмүнүн 8,8 пайыз ээлейт), Бириккен Араб Эмираттары (7,6 пайызга) жана Түркия (3,2 пайызга) экспорт боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр болуп саналды.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен товарлардын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн олуттуу үлүшү Россияга (30,1 пайыз), Казакстанга (20,5 пайыз) жана Өзбекстанга (12,6 пайыз) туура келди.

КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн импорттолгон товарлардын олуттуу үлүшү Кытайдан (импорттун жалпы көлөмүнүн 36,9 пайызы), Корея Республикасынан (3,4 пайыз), Түркиядан (2,5 пайыз) келип түштү.

КМШ өлкөлөрүнүн ичинен келип түшкөн импорттук келип түшүүлөрдүн эң көп көлөмү Россияга (өлкөнүн импортунун жалпы көлөмүнүн 25,1 пайызы), Казакстанга (10,4 пайызы) жана Өзбекстанга (6,1 пайызы) туура келди.

**5-график: ЕАЭБ ТЭИ ТН бөлүмдөрү боюнча негизги товарлардын экспорту 2025-2026-жж. январь-июнь айларына карата**




**6-график: ЕВЭБ ТЭИ ТН бөлүмдөрү боюнча негизги товарлардын импорту 2025-2026-жж. январь-июнь айларына карата**



**70-таблица: 2026-жылдын январь-июнундагы Кыргыз Республикасындагы товарлардын айрым өлкөлөр менен болгон тышкы жана өз ара соодасы**

| | Тышкы жана өз ара соода - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республиканын тышкы жана өз ара соода жүгүртүүсүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январь-июнуна карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январь-июнуна карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2025-ж. январь-июнуна карата пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **7 904,7** | **101,4** | **1 069,5** | **88,9** | **6 835,2** | **103,7** | **100,0** |
| **КМШ өлкөлөрү** | **3 703,2** | **104,9** | **733,9** | **96,6** | **2 969,3** | **107,1** | **46,8** |
| **ЕАЭБ өлкөлөрү** | **3 040,8** | **99,9** | **561,4** | **94,7** | **2 479,4** | **101,2** | **38,5** |
| Армения | 1,3 | 37,3 | 0,3 | 33,0 | 1,0 | 39,2 | 0,0 |
| Беларусь | 71,3 | 88,4 | 19,7 | 54,2 | 51,6 | 116,4 | 0,9 |
| Казакстан | 929,0 | 89,8 | 219,5 | 106,9 | 709,5 | 85,5 | 11,8 |
| Россия | 2 039,2 | 105,9 | 321,8 | 91,9 | 1 717,4 | 109,1 | 25,8 |
| **ЕАЭБ өлкөлөрүнөн тышкаркы КМШ өлкөлөрү** | | | | | | | |
| Азербайжан | 15,8 | 265,8 | 4,0 | 85,0 | 11,8 | 943,4 | 0,2 |
| Молдова | 4,6 | 791,9 | 3,9 | 0,0 | 0,8 | 132,1 | 0,1 |
| Тажикстан | 33,0 | 452,5 | 27,7 | - | 5,2 | 258,7 | 0,4 |
| Түркмөнстан | 25,7 | 72,7 | 2,4 | 67,2 | 23,3 | 73,3 | 0,3 |
| Өзбекстан | 554,6 | 133,2 | 134,2 | 87,7 | 420,4 | 159,7 | 7,0 |
| Украина | 28,6 | 134,2 | 0,3 | 100,3 | 28,3 | 134,6 | 0,4 |
| **КМШдан тышкаркы өлкөлөр** | **4 201,5** | **98,6** | **335,6** | **75,8** | **3 865,9** | **101,2** | **53,2** |
| **Үчүнчү өлкөлөр (ЕАЭБден башка)** | **4 863,9** | **102,4** | **508,1** | **83,3** | **4 355,8** | **105,2** | **61,5** |
| **Европа** | | | | | | | |
| Германия | 125,2 | 137,1 | 2,2 | 94,1 | 123,0 | 138,2 | 1,6 |
| Италия | 51,1 | 110,6 | 0,2 | 16,1 | 50,8 | 113,9 | 0,6 |
| Литва | 20,4 | 97,9 | 5,3 | 284,6 | 15,1 | 79,7 | 0,3 |
| Бириккен Падышалык (Улуу Британия) | 17,6 | 23,0 | 2,1 | 3,2 | 15,5 | 142,3 | 0,2 |
| Франция | 39,7 | 125,4 | 0,3 | 359,6 | 39,4 | 124,9 | 0,5 |
| **Азия** | | | | | | | |
| Вьетнам | 78,6 | 142,6 | 1,7 | 188,2 | 77,0 | 141,9 | 1,0 |
| Индия | 32,4 | 76,1 | 3,8 | 147,5 | 28,6 | 71,5 | 0,4 |
| Иран | 32,4 | 90,2 | 12,0 | 81,7 | 20,4 | 96,1 | 0,4 |
| Кытай | 2 618,0 | 101,8 | 94,2 | 150,9 | 2 523,8 | 100,6 | 33,1 |
| Бириккен Араб Эмираттары | 109,4 | 131,6 | 81,4 | 135,4 | 28,0 | 121,4 | 1,4 |
| Корея Республикасы | 236,0 | 96,6 | 1,2 | 140,9 | 234,8 | 96,5 | 3,0 |
| Түркия | 205,8 | 85,4 | 34,7 | 90,6 | 171,1 | 84,4 | 2,6 |
| Япония | 55,5 | 104,3 | 0,5 | 127,7 | 55,0 | 104,1 | 0,7 |
| **Америка** | | | | | | | |
| Канада | 20,1 | 102,6 | 0,2 | 41,2 | 19,9 | 104,3 | 0,3 |
| АКШ | 100,2 | 82,3 | 2,3 | 87,8 | 98,0 | 82,1 | 1,3 |

*Экспорттук жөнөтүүлөр.* 2026-жылдын январь-июнунда экспорттун көлөмү 2025-ж. январь-июнуна салыштырмалуу КМШдан тышкаркы өлкөлөргө жөнөтүүлөрдүн төмөндөшүнүн эсебинен 24,2 пайызга азайып, 335,6 млн. доллар өлчөмүндө түзүлдү. КМШ өлкөлөрүнө жөнөтүүлөрдө анын көлөмү 3,4 пайызга азайып, 733,9 млн. долларды түздү.

Товарлардын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн төмөндөшү эт жана эт тамак аш азыктарынын (3,0 эсеге), асбестцементтен жасалган буюмдарынын (3,0 эсеге), кагаз, картон жана андан жасалган буюмдардын (2,4 эсеге), бут кийимдер жана анын тетиктеринин (1,9 эсеге), сүт жана сүт азыктарынын (1,7 эсеге), жабдуулар жана механикалык түзүлүштөрүнүн (1,5 эсеге), контролдук-ченөө приборлорунун жана аппараттардын (1,5 эсеге), тирүү жаныбарлар (22,5 пайызга), мөмө-жемиштердин жана жаңгактардын (20,6 пайызга), жашылчалардын жана тамырлуу жашылчалардын (20,3 пайызга), нан жана кондитердик нан азыктарынын (12,5 пайызга), жана ошондой эле суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулардын (4,6 пайызга) көлөмүнүн азайышы менен шартталды.

Ошол эле учурда, товарлардын экспортунун көлөмү фармацевтикалык каражаттардын (2,3 эсеге), ар кандай тамак азыктарынын (19,8 пайызга), териден жасалган буюмдардын (46,5 пайызга), жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктеринин (38,5 пайызга), айнек жана андан жасалган буюмдарынын (29,0 пайызга), пластмасса жана алардан жасалган буюмдардын (28,1 пайызга), жездин сыныктары жана калдыктарынын (24,1 пайызга), самын, жууп-тазалоочу самын каражаттарынын (11,2 пайызга) жана электр машиналары жана жабдуулардын (6,1 пайызга) жана текстиль кийимдердин (5,3 пайызга) көбөйүшүнөн улам өскөнү байкалган.

**71-таблица: 2026-жылдын январь-июнундагы товарлардын айрым түрлөрүнүн экспорту**

| | Жөнөтүлдү - бардыгы | | 2025 январь-июнуна карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралык түрдө | нарктык түрдө |
| Сүт жана сүт азыктары | 15,6 | 16 633,2 | 92,8 | 57,8 |
| Эт жана эт тамак аш азыктары | 0,6 | 1 018,8 | 66,4 | 33,0 |
| Жашылчалар жана тамырлуу жашылчалар | 53,0 | 35 200,6 | 79,0 | 79,7 |
| Мөмө-жемиштер жана жаңгактар | 15,9 | 20 262,4 | 86,2 | 79,4 |
| Пахта буласы | 3,6 | 5 588,1 | 84,8 | 82,0 |
| Лигнит (күрөң көмүр) | 385,9 | 21 910,9 | 152,8 | 147,3 |
| Пластмасса жана алардан жасалган буюмдар | - | 43 251,8 | - | 128,1 |
| Асбест цемент буюмдары | 5,2 | 3 764,0 | 26,1 | 37,1 |
| Нан жана кондитердик нан азыктары | 1,6 | 13 017,1 | 78,2 | 87,5 |
| Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулар,млн, литр | 10,4 | 4 763,8 | 97,7 | 95,4 |
| Самын, жууп-тазалоочу самын каражаттары | 1,4 | 2 418,0 | 115,4 | 111,2 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 0,6 | 928,5 | 85,4 | 40,9 |
| Таш көмүр | 626,6 | 29 624,9 | 110,7 | 113,5 |
| Текстиль кийимдери | - | 32 000,9 | - | 105,3 |
| Жездин сыныктары жана калдыктары | 1,6 | 16 532,6 | 99,7 | 124,1 |
| Бут кийимдер жана анын тетиктери | - | 3 983,5 | - | 51,5 |
| Керамикалык буюмдар | - | 10 747,3 | - | 104,3 |
| Жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктери | - | 82 121,6 | - | 138,5 |
| Кара металлдар | - | 12 644,1 | - | 89,4 |
| Кара металлдардан жасалган буюмдар | - | 5 973,9 | - | 102,0 |

Экспорттук жөнөтүүлөрдүн эң жогорку көлөмү Швейцарияга (алтын - 29,3 млн. доллар), Казакстанга (баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары - 97,1 млн.доллар), Россияга (кийим жана кийимдерге тиешелүү тетиктери - 38,7 млн. доллар, жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктери - 58,6 млн.доллар), Кытайга (баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары - 47,4 млн.доллар) жана Өзбекстанга (таш көмүр - 28,7 млн доллар, мунай продуктулары - 22,3 млн доллар) туура келди.

*Импорттук келип түшүүлөр.* 2026-жылдын январь-июнунда КМШ өлкөлөрүнөн импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмү 7,1 пайызга көбөйүп, 2 969,3 млн. долларды же

импорттун жалпы көлөмүнүн 43,4 пайызын түздү, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмү 2025-ж. январь-июнуна салыштырмалуу 1,2 пайызга төмөндөп, 3 865,9 млн. долларды же импорттун жалпы көлөмүнүн 56,6 пайызын түздү.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү цементтин (1,9 эсеге), кант жана канттан жасалган кондитердик азыктардын (2,0 эсеге), буудайдын (1,6 эсеге), кара металлдардан жасалган буюмдардын (1,6 эсеге), сүт жана сүт азыктары (1,5 эсеге), суулар, минералдык жана газдалган кант кошулган суулар (35,6 пайызга), жаңгактарды жемиштерди кайра иштетүүдөгү азыктарынын (33,6 пайызга), самын, жууп-тазалоочу самын каражаттарынын (33,1 пайызга), жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктеринин (28,7 пайызга), жер семирткичтер (26,3 пайызга), парфюмериялык-косметикалык жана ажааткана каражаттарынын (24,4 пайызга), электр машиналары жана жабдууларлардын (22,2 пайызга), тамеки азыктары (19,6 пайызга), нан жана ундан жасалган кондитердик нан азыктары (19,1 пайызга), ар кандай тамак-аш азыктардын (18,4 пайызга), кара металлдардын (17,7 пайызга), жашылчалардын жана тамырлуу жашылчалардын (15,7 пайызга), жыгач жана андан жасалган буюмдардын (14,2 пайызга), пластмасса жана алардан жасалган буюмдардын (9,8 пайызга), шоколад жана какао кошулган башка тамак-аш азыктарынын (7,5 пайызга), фармацевтикалык каражаттарынын (4,1 пайызга), ошондой эле эт жана даяр эт азыктарынын (3,7 пайызга), импортунун көлөмүнүн көбөйүшү байкалды.

Муну менен катар, импорттун көлөмүнүн төмөндөшү жалпысынан бут кийимдер жана анын буюмдарынын (3,2 эсеге), кокс жана битум мунай заттары (26,3 пайызга), химиялык жиптер жана булалардын (2,2 эсеге), териден жасалган буюмдардын (24,0 пайызга), жабдуулардын жана механикалык түзүлүштөрдүн (21,6 пайызга), трикотаж кездемелердин (10,5 пайызга), кийим жана кийимдерге тиешелүү буюмдарынын (10,4 пайызга), ченеп-өлчөө приборлорунун (7,1 пайызга), мунайзаттары (2,7 пайызга), ошондой эле мөмө-жемиштердин жана жаңгактардын (0,5 пайызга) импорттунун көлөмүнүн азайышы байкалды.

Импорттук түшүүлөрдө Кытай (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары - 20,2 млн. доллар, электр машиналары жана жабдуулар - 232,1 млн. доллар, жабдуулардын жана механикалык түзүлүштөр - 620,8 млн.доллары, бут кийимдер - 8,1 млн. доллар, жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын тетиктеринин - 663,7 млн.доллары), Россия (мунай заттары - 464,3 млн. доллар, күн карама майлары - 26,9 млн. доллар, жер семирткичтер - 20,3 млн. доллар), Казакстан (суулар, минералдык жана газдалган кант кошулган суулар - 39,3 млн. доллар, буудай - 14,5 млн. доллар, цемент - 16,3 млн. доллар, буудай уну - 28,4 млн. доллар), Түркия (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар - 7,0 млн. доллар, парфюмериялык-косметикалык жана жууп-тазалоочу самын каражаттары - 6,6 млн. доллар, бут кийимдер - 1,3 млн. доллар, эмеректер жана анын тетиктери - 1,9 млн. доллар), Өзбекстан (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары - 7,2 млн. доллар, жашылчалар жана мөмө-жемиштер, жаңгактар - 15,2 млн. доллар, жер семирткичтер - 15,8 млн. доллар) негизги өнөктөш өлкөлөр болуп саналды.

**72-таблица: 2026-жылдын январь-июнундагы товарлардын айрым түрлөрүнүн импорту**

| | Түштү-бардыгы | | 2025 январь-июнуна карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралай түрдө | нарктык түрдө |
| Жашылчалар жана тамырлуу жемиштер | 123,7 | 62 410,5 | 101,9 | 115,7 |
| Жемиштер жана жаңгактар | 116,0 | 78 256,4 | 104,8 | 99,5 |
| Эт жана үй канаттуулардын азыктары | 42,6 | 47 082,8 | 92,2 | 102,8 |
| Буудай | 284,5 | 61 571,6 | 152,7 | 159,0 |
| Шоколад жана какао кошулган башка тамак-аш азыктары | 10,1 | 47 999,5 | 91,7 | 107,5 |
| Нан жана кондитердик нан азыктары | 20,1 | 44 031,3 | 95,2 | 119,1 |

| | Түштү-бардыгы | 2025 январь-июнуна карата пайыз менен | | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралай түрдө | нарктык түрдө |
| Суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган кант кошулган суулар, млн. литр | 151,1 | 81 418,7 | 132,9 | 135,6 |
| Буудай уну же кара буудай уну | 78,8 | 29 449,8 | 96,7 | 90,7 |
| Ар кандай тамак азыктары | - | 67 070,0 | - | 118,4 |
| Самын, жууп-тазалоочу самын каражаттары | 29,2 | 43 340,8 | 129,0 | 133,1 |
| Фармацевтикалык каражаттар | 4,4 | 128 095,3 | 90,3 | 104,1 |
| Цемент | 780,1 | 59 380,6 | 162,1 | 185,1 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 115,3 | 44 063,7 | 313,9 | 92,2 |
| Пластмасса жана андан жасалган буюмдар | - | 186 907,0 | - | 109,8 |
| Бут кийимдер жана анын тетиктери | - | 35 322,9 | - | 31,4 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү буюмдары | - | 58 305,5 | - | 89,6 |
| Кара металлдар | - | 461 054,8 | - | 117,7 |
| Кара металлдан жасалган буюмдар | - | 287 523,9 | - | 164,2 |

**Валюталардын курсу**. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматтары боюнча 2026-ж. январь-июлунда 2025-ж. январь-июлуна салыштырмалуу доллардын расмий курсу - 0,2 пайызга, евронун - 5,5 пайызга, россия рублинин - 11,9 пайызга жана казак теңгесинин - 6,4 пайызга өсүшү белгиленди.

2026-жылдын июлунда мурунку айга салыштырмалуу россия рубли - 5,6 пайызга, евронун курсу – 0,9 пайызга төмөндөдү. Ал эми казак курсу – 3,5 пайызга жогорулады. Ошол эле мезгилде доллардын курсу мурунку айлардын деңгээлинде өзгөрүүсүз калды.

**73-таблица: Айрым чет өлкөлүк валюталардын орточо айлык курсунун өзгөрүшү**

| | Январь-июль 2026 | | | Июль -2026 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | | пайыз менен | |
| | Валютанын бирдиги үчүн сом | январь-июлуна 2025 | декабрына 2025 | Валютанын бирдиги үчүн сом | июнуна 2026 | декабрына 2025 |
| АКШ доллары | 87,45 | 100,2 | 100,0 | 87,45 | 100,0 | 100,0 |
| Евро | 101,70 | 105,5 | 99,3 | 99,87 | 99,1 | 97,5 |
| Россия рубли | 1,14 | 111,9 | 102,4 | 1,13 | 94,4 | 100,9 |
| Казак теңгеси | 0,18 | 106,4 | 105,9 | 0,19 | 103,5 | 108,6 |

## Социалдык сектор

**Демографиялык кырдаал**[1]. Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны, 2026-жылдын январь-июнда 56,5 миң адамга же 0,8 пайызга көбөйдү жана 2026-жылдын 1-июлуна карата 7 млн. 461 миң адамды түздү.

**74-таблица: 2026-жылдагы туруктуу калктын санынын аймактар боюнча өзгөрүлүшү**
*(миң адам)*

| | Калктын саны | | Жалпы өсүү | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-январга карата | 1-июлга карата | миң адам | пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **7 404,3** | **7 460,8** | **56,5** | **0,8** |
| Баткен облусу | 605,3 | 610,7 | 5,4 | 0,9 |
| Жалал-Абад облусу | 1 379,9 | 1 390,3 | 10,4 | 0,8 |

[1] Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча Улутстатком электрондук түрдө «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын пайдалануу менен алат. Мында жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө маалыматтарды аймактык бөлүштүрүү арыз ээлеринин катталган жери боюнча жүргүзүлөт. Маалыматтар Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын натыйжасында келип чыккан өзгөртүүлөрдү эске алуу менен кайра эсептелген.

| | Калктын саны | | Жалпы өсүү | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-январга карата | 1-июлга карата | миң адам | пайыз менен |
| Ысык-Көл облусу | 554,3 | 556,9 | 2,6 | 0,5 |
| Нарын облусу | 316,2 | 317,4 | 1,2 | 0,4 |
| Ош облусу | 1 438,5 | 1 448,5 | 10,0 | 0,7 |
| Талас облусу | 282,9 | 284,2 | 1,3 | 0,5 |
| Чүй облусу | 983,7 | 989,5 | 5,8 | 0,6 |
| Бишкек ш. | 1 358,6 | 1 373,0 | 14,4 | 1,1 |
| Ош ш. | 484,9 | 490,3 | 5,4 | 1,1 |

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча 2026-ж. январь-июнунда ЖААК органдарында 66,3 миң жаңы төрөлгөн ымыркай же калктын 1000ине 18,0 адам (2025-ж. январь-июнунда - 17,9) жана 16,0 миң өлгөндөр же калктын 1 000ине алганда 4,3 адам (2025-ж. январь-июнунда - 4,4) катталган. Натыйжада калктын табигый өсүүсү 50,3 миң адамды же калктын 1 000ине 13,7 адамды (2025-ж. январь-июнунда - 13,5) түздү.

**75-таблица: Январь-июндагы калктын табигый кыймылы**

| | Адам | | Калктын 1000ине[1] | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2026-ж. 2025-ж. карата пайыз менен |
| Төрөлгөндөр (тирүү) | 64 993 | 66 272 | 17,9 | 18,0 | 100,6 |
| Өлгөндөр | 16 082 | 15 968 | 4,4 | 4,3 | 97,7 |
| анын ичинен 1 жашка чейинки балдар | 781 | 816 | 12,0[2] | 12,3[2] | 102,5 |
| Калктын табигый өсүүсү | 48 911 | 50 304 | 13,5 | 13,7 | 101,5 |
| Никелешүүлөр, бирдик | 18 978 | 20 470 | 5,2 | 5,6 | 107,7 |
| Ажырашуулар, бирдик | 6 606 | 7 359 | 1,8 | 2,0 | 111,1 |

[1] Бул жерде жана мындан ары айлык ыкчам отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү бир жылга карата кайра эсептелинип берилди, б.а., түзүлгөн кырдаал бир жылдын ичинде өзгөрүлбөсө, көрсөткүчтөр ошол бойдон калат.
[2] Тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине алганда.

2026-ж. январь-июнунда калктын табигый өсүүсүнүн эң жогорку деңгээли Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарында белгиленди, ошол эле убакта эң төмөнкү деңгээли Бишкек шаарында белгиленди.

**76-таблица: Январь-июндагы калктын табигый өсүүсү**

| | Адам | | Калктын 1000ине | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **48 911** | **50 304** | **13,5** | **13,7** | **101,5** |
| Баткен облусу | 5 250 | 5 501 | 17,8 | 18,2 | 102,2 |
| Жалал-Абад облусу | 10 867 | 11 093 | 16,0 | 16,1 | 100,6 |
| Ысык-Көл облусу | 3 130 | 3 126 | 11,4 | 11,4 | 100,0 |
| Нарын облусу | 2 059 | 2 326 | 13,1 | 14,8 | 113,0 |
| Ош облусу | 11 542 | 11 989 | 16,4 | 16,8 | 102,4 |
| Талас облусу | 1 930 | 1 996 | 13,9 | 14,2 | 102,2 |
| Чүй облусу | 5 555 | 5 766 | 11,5 | 11,8 | 102,6 |
| Бишкек ш. | 5 128 | 5 168 | 7,8 | 7,6 | 97,4 |
| Ош ш. | 3 450 | 3 339 | 14,6 | 13,8 | 94,2 |

Өлгөндөрдүн жалпы санынын ичинен жарымынан көбү (52 пайызы) кан айлануу системасынын ооруларына, 10 пайызы шишик ооруларына, өлүмдүн тышкы себептерине жана дем алуу органдарынын ооруларына 6 пайыздан - туура келди.

**77-таблица: Январь-июндагы өлгөн адамдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү**

| | Адам | | | Калктын 100 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Өлгөн адамдардын бардыгы** | **16 082** | **15 968** | **-114** | **443,7** | **433,2** | **97,7** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| кан айлануу системасынын оорулары | 8 731 | 8 268 | -463 | 240,9 | 224,3 | 93,1 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 1 057 | 945 | -112 | 29,2 | 25,6 | 87,7 |
| шишик оорулары | 2 141 | 1 654 | -487 | 59,1 | 44,9 | 76,0 |
| өлүмдүн тышкы себептери | 938 | 975 | 37 | 25,9 | 26,5 | 102,3 |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| транспорттук жаракат алуулар (бардык түрү) | 375 | 385 | 10 | 10,3 | 10,4 | 101,0 |
| кокустан алкоголдон уулануу | 41 | 22 | -19 | 1,1 | 0,6 | 54,5 |
| өзүн-өзү өлтүрүү | 127 | 135 | 8 | 3,5 | 3,7 | 105,7 |
| өлтүрүү | 17 | 26 | 9 | 0,5 | 0,7 | 140,0 |
| ,тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 745 | 673 | -72 | 20,6 | 18,3 | 88,8 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 253 | 187 | -64 | 7,0 | 5,1 | 71,4 |
| кош бойлуу кезде, төрөт учурунда жана төрөгөндөн кийинки мезгилде татаалдануулар | 18 | 4 | -14 | 27,7[1] | 6,0[1] | 21,7 |

[1] Тирүү төрөлгөн балдардын 100 миңине эсептегендеги өлгөн аялдардын саны.

Ымыркайлардын өлүмүнүн негизги себептери болуп перинаталдык мезгилде келип чыккан абал эсептелет, андан 2026-ж. январь-июнунда 555 наристе же бир жашка чейинки балдар арасында каза болгон учурлардын жалпы санынын 68 пайызы, өнүгүүнүн тубаса кемтиктеринен - 135 ымыркай (17 пайыз) жана дем алуу органдарынын ооруларынан - 71 бала (9 пайыз) каза болгон.

**78-таблица: Январь-июндагы бир жашка чейинки өлгөн балдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү**

| | Адам | | | Төрөлгөндөрдүн (тирүү) 10 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Бардыгы** | **781** | **816** | **35** | **120,2** | **123,1** | **102,5** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| перинаталдык (төрөлгөндөн кийинки) мезгилде пайда болгон айрым абалдар | 497 | 555 | 58 | 76,5 | 83,7 | 109,4 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 84 | 71 | -13 | 12,9 | 10,7 | 82,9 |
| тукум куучу бузулуулар (өрчүү оорулары), деформация жана хромосомалык бузулуулар | 122 | 135 | 13 | 18,8 | 20,4 | 108,5 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 26 | 3 | -23 | 4,0 | 0,5 | 12,5 |
| нерв системасынын оорулары | 12 | 16 | 4 | 1,8 | 2,4 | 133,3 |
| өлүмдүн тышкы себептери | 11 | 7 | -4 | 1,7 | 1,1 | 64,7 |

2026-жылдын январь-июнунда Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн 7,0 миң адам келсе, 0,7 миң адам өлкөдөн чыгып кетип, тышкы миграциянын оң сальдосун (6,3 миң адам) камсыз кылды.

2025-жылдын январь-июнуна салыштырмалуу калктын тышкы миграциясынын да, республика ичиндеги миграциясынын да интенсивдүүлүгүнүн төмөндөшү байкалды.

**79-таблица: Январь-июндагы калктын миграциясынын көрсөткүчтөрү**

| | Адам | | Калктын 10 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 | 2026 2025 карата пайыз менен |
| **Миграция - бардыгы** | | | | | |
| келгендердин саны | 42 792 | 42 156 | 58,6 | 56,7 | 96,8 |
| кеткендердин саны | 36 043 | 35 901 | 49,3 | 48,3 | 98,0 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | 6 749 | 6 255 | 9,3 | 8,4 | 90,3 |
| анын ичинде: | | | | | |
| **Тышкы миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 8 099 | 6 995 | 11,1 | 9,4 | 84,7 |
| кеткендердин саны | 1 351 | 740 | 1,8 | 1,0 | 55,6 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | 6 748 | 6 255 | 9,3 | 8,4 | 90,3 |
| **Ички республикалык миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 34 693 | 35 161 | 47,5 | 47,3 | 99,6 |
| кеткендердин саны | 34 692 | 35 161 | 47,5 | 47,3 | 99,6 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | - | - |
| алардын ичинен: | | | | | |
| **Облустар аралык миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 26 159 | 24 413 | 35,8 | 32,8 | 91,6 |
| кеткендердин саны | 26 158 | 24 413 | 35,8 | 32,8 | 91,6 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | | - |
| **Ички облустук миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 8 534 | 10 748 | 11,7 | 14,5 | 123,9 |
| кеткендердин саны) | 8 534 | 10 748 | 11,7 | 14,5 | 123,9 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | - | - |

Тышкы миграция боюнча келүү интенсивдүүлүгүнүн эң жогорку деңгээли Баткен облусунда, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында, ал эми эң төмөнкү деңгээли - Нарын облусунда байкалган.

**80-таблица: Январь-июндагы калктын тышкы миграциясынын аймактар боюнча жыйынтыгы**
*(адам)*

| | 2025 | | | | 2026 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | келгендер | | кеткендер | миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | келгендер | | кеткен-дер | миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) |
| | бардыгы | калктын 10 миңине | | | бардыгы | калктын 10 миңине | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **8 099** | **11,1** | **1 351** | **6 748** | **6 995** | **9,4** | **740** | **6 255** |
| Баткен облусу | 727 | 12,2 | 16 | 711 | 719 | 11,8 | 15 | 704 |
| Жалал-Абад облусу | 1 309 | 9,6 | 37 | 1 272 | 1 327 | 9,6 | 26 | 1 301 |
| Ысык-Көл облусу | 200 | 3,6 | 49 | 151 | 224 | 4,0 | 32 | 192 |
| Нарын облусу | 55 | 1,7 | 8 | 47 | 66 | 2,1 | 3 | 63 |
| Ош облусу | 1 378 | 9,7 | 48 | 1 330 | 1 329 | 9,2 | 38 | 1 291 |
| Талас облусу | 154 | 5,5 | 23 | 131 | 145 | 5,1 | 18 | 127 |
| Чүй облусу | 1 427 | 14,7 | 512 | 915 | 1 044 | 10,6 | 294 | 750 |
| Бишкек ш. | 2 070 | 15,6 | 627 | 1 443 | 1 590 | 11,6 | 298 | 1 292 |
| Ош ш. | 779 | 16,4 | 31 | 748 | 551 | 11,3 | 16 | 535 |

**Калктын жугуштуу жана мите оору-сыркоолору.** 2026-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча курч респиратордук-вирустук инфекциясын кошкондо, жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган 22,8 миң учур катталды. Жугуштуу жана мите ооруларынын түзүмүндө курч респиратордук-вирустук инфекциялар (56,0 пайыз) басымдуулук кылды. Курч ичеги

инфекциясы оорусунун үлүшүнө оорулардын - 23,3 пайызы, энтербиозго - 3,5 жана аскаридозго - 1,8 пайызы туура келди.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу калктын 100 миңине эсептегенде курч ичеги инфекциясы (13,6 пайызга) оорусунун өсүшү белгиленди.

Ошол эле убакта үстүбүздөгү жылдын январь-июнунданда эпидемиологиялык абал вирустук гепатит (67,3 пайызга), АИВ инфекциясы (10,8) жана туберкулез (12,7 пайызга) ооруларынын олуттуу азайышы менен мүнөздөлдү.

**81-таблица: Январь-июлдагы айрым жугуштуу жана мите оорулары менен калктын оору-сыркоосу**

*(бейтаптарда катталган оорулар, калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| Вирустук гепатит | 74,2 | 24,3 | 71,6 | 32,7 |
| АИВ инфекциясы | 9,3 | 8,3 | 99,9 | 89,2 |
| Курч ичеги инфекциясы | 230,2 | 261,4 | 133,1 | 113,6 |
| Бруцеллез | 10,1 | 9,9 | 110,4 | 98,0 |
| Кургак учук | 30,7 | 26,8 | 93,0 | 87,3 |
| Курч респиратордук-вирустук инфекция | 2 478,5 | 2 417,3 | 120,4 | 97,5 |

2026-ж. январь-июлда 2025-ж. январь-июлуна салыштырмалуу жалпы республика боюнча аныкталган козгогучтар алып келген гастроэнтериттер, колиттер 27,4 пайызга көбөйүшү менен анын Баткен облусунда (2,1 пайызга) төмөндөшү байкалган, ошондой эле бруцеллез оорусунун төмөндөшү (2,0 пайызга) менен катар, анын Баткен (10,8 пайызга), Талас (17,1 пайызга), Ош (19,2 пайызга), Ысык-Көл (49,1 пайызга) облустарында көбөйүшү байкалган.

**82-таблица: 2026-жылдын январь-июлунда аймактар боюнча калктын жугуштуу жана мите ооруларынын айрым түрлөрү менен оору-сыркоосу**

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен; калктын 100 миңине)*

| | Кургак учук | Бактериялык дизентерия | Бруцеллез | Вирустук гепатит | Аныкталган козгогучтар алып келген гастроэнтериттер, колиттер | АИВ инфекциясы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 87,3 | 95,0 | 98,0 | 32,7 | 127,4 | 89,2 |
| Баткен облусу | 84,0 | 29,5 | 110,8 | 30,3 | 97,9 | 87,1 |
| Жалал-Абад облусу | 100,0 | 84,8 | 90,1 | 21,7 | 132,6 | 83,3 |
| Ысык-Көл облусу | 86,7 | 200,0 | 149,1 | 34,8 | 105,9 | 96,0 |
| Нарын облусу | 83,4 | - | 93,6 | 37,5 | 106,8 | 78,0 |
| Ош облусу | 77,3 | 16,7 | 119,2 | 59,9 | 126,5 | 70,8 |
| Талас облусу | 114,4 | 81,8 | 117,1 | 9,5 | 174,0 | 209,1 |
| Чүй облусу | 86,0 | 121,1 | 96,5 | 22,5 | 126,3 | 76,5 |
| Бишкек ш. | 89,1 | 162,1 | 63,6 | 29,7 | 120,7 | 93,3 |
| Ош ш. | 79,0 | 50,0 | 53,3 | 37,0 | 218,5 | 108,7 |

Республика боюнча жалпысынан жугуштуу жана мите оорулары менен ооругандардын саны азайганы менен, Ош жана Талас облустарында ооругандардын көбөйгөндүгү белгиленген.

**83-таблица: Январь-июлда аймактар боюнча калктын жугуштуу жана мите оорулары менен оору-сыркоосу**

*(бейтаптарда катталган оорулар, калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 |
| **Кыргыз Республикасы** | **3 280,6** | **3 114,9** | **113,3** | **94,9** |
| Баткен облусу | 3 824,9 | 3 490,7 | 114,0 | 91,3 |
| Жалал-Абад облусу | 1 741,1 | 1 669,0 | 112,4 | 95,9 |
| Ысык-Көл облусу | 4 313,4 | 3 813,2 | 124,4 | 88,4 |
| Нарын облусу | 3 211,7 | 3 025,3 | 154,9 | 94,2 |
| Ош облусу | 1 503,0 | 2 163,8 | 108,4 | 144,0 |
| Талас облусу | 1 993,9 | 2 583,6 | 101,5 | 129,6 |
| Чүй облусу | 3 952,2 | 3 343,4 | 109,0 | 84,6 |
| Бишкек ш. | 6 083,1 | 5 211,6 | 105,4 | 85,7 |
| Ош ш. | 2 750,9 | 2 846,0 | 114,0 | 103,5 |

**Кылмыштуулук.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматтары боюнча 2026-жылдын январь-июлунда 22,1 миң кылмыш иши катталды, алардын саны 2025-жылдын январь-июль айларынын деңгээлине салыштырмалуу 8,8 пайызга көп. Алардын ичинен 3 186 оор жана өзгөчө оор кылмыштар жасалган, бул 2025-жылдын январь-июлуна салыштырмалуу дээрлик 5,8 пайызга көп. Кылмыштардын негизги бөлүгү менчикке каршы кылмыштар болгон, алардын үлүшү 2026-жылдын январь-июлунда 70 пайыздан ашыкты түздү.

**84-таблица: Январь-июлда катталган кылмыштардын аймактар боюнча саны**

| | Бардыгы - учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кыргыз Республикасы** | **20 351** | **22 146** | **88,6** | **108,8** |
| Баткен облусу | 663 | 1 069 | 81,1 | 161,2 |
| Жалал-Абад облусу | 1 849 | 2 259 | 118,7 | 122,2 |
| Ысык-Көл облусу | 1 379 | 1 456 | 103,0 | 105,6 |
| Нарын облусу | 415 | 668 | 78,2 | 161,0 |
| Ош облусу | 1 446 | 1 426 | 79,7 | 98,6 |
| Талас облусу | 503 | 510 | 126,4 | 101,4 |
| Чүй облусу | 2 779 | 2 930 | 80,9 | 105,4 |
| Бишкек ш. | 9 408 | 9 615 | 84,3 | 102,2 |
| Ош ш. | 1 895 | 2 211 | 99,0 | 116,2 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-июлунда инсанга каршы кылмыштардын саны өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу жалпы республика боюнча 31,2 пайызга көбөйгөн. Мында ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү менен жасалган кылмыштардын саны - 15,2 пайызга, адам өлтүрүү - 9,4 пайызга кыскарган, ошол эле учурда зордуктоолордун саны - 1,5 эсеге, ден соолукка оор зыян келтирүү - 20,1 пайызга өскөн.

2025-жылдын январь-июлуна салыштырмалуу менчикке каршы кылмыштардын санынын 13,4 пайызга көбөйүшү алдамчылык учурларынын саны - 1,6 эсеге өсүшү менен шартталган, ошол эле учурда опузалап талап кылуу учурларынын саны - 1,7 эсеге, каракчылык учурларынын саны 1,4 эсеге, уурулук - 24,8 пайызга жана тоноочулук - 14,1 пайызга азайган.

Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланыштуу кылмыштардын санынын өскөнү (5,1 пайызга) белгиленген. Мындай кылмыштардын эң көп үлүшү (54 пайыздан ашык) баңгизаттарды сатуу максатында сактоо жана баңгизаттарды сатуу максатысыз сактоо (39 пайыздан ашык) менен байланышкан.

2026-жылдын январь-июлунда коомдук жайларда жасалган 2 804 кылмыш иши катталды, алардын ичинен эң көбү уурулук (39,9 пайыз), бейбаштык (10,6 пайыз) жана тоноочулук (3,1 пайыз) учурларына туура келди.

**85-таблица: Январь-июлда катталган кылмыштардын негизги топтор боюнча саны**

| | Бардыгы - учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2025** | **2026** | **2025** | **2026** |
| Инсанга каршы жасалган кылмыш | 2 073 | 2 719 | 99,7 | 131,2 |
| анын ичинен: | | | | |
| өлтүрүү | 96 | 87 | 114,3 | 90,6 |
| зордуктоо | 94 | 143 | 92,2 | 152,1 |
| ден соолукка оор зыян келтирүү | 134 | 161 | 106,3 | 120,1 |
| ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү | 276 | 234 | 112,7 | 84,8 |
| Менчикке каршы жасалган кылмыш | 13 732 | 15 573 | 83,8 | 113,4 |
| анын ичинен: | | | | |
| уурулук | 7 109 | 5 348 | 82,3 | 75,2 |
| алдамчылык | 5 274 | 8 241 | 85,0 | 156,3 |
| тоноо | 377 | 324 | 76,5 | 85,9 |
| каракчылык | 63 | 46 | 128,6 | 73,0 |
| опузалап талап кылуу | 135 | 78 | 132,4 | 57,8 |
| Баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланышкан кылмыштар | 644 | 677 | 80,2 | 105,1 |
| анын ичинен: | | | | |
| баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо | 382 | 368 | 76,1 | 96,3 |
| баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатысыз мыйзамсыз даярдоо | 241 | 267 | 89,3 | 110,8 |
| Экономикалык багыттагы кылмыш | 1 324 | 1 242 | 113,4 | 93,8 |
| ишенип берилген мүлктү ыйгарып алуу же коротуу | 64 | 65 | 98,5 | 101,6 |
| Кызматтык кылмыштар: | | | | |
| кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу | 461 | 422 | 92,9 | 91,5 |
| паракорчулук | 186 | 101 | 131,9 | 54,3 |
| бийликтен аша чабуу | 21 | 0 | 87,5 | 0,0 |
| коррупция | 61 | 33 | 156,4 | 54,1 |
| Бейбаштык | 714 | 690 | 93,6 | 96,6 |
| Автомототранспорт каражаттарынын кыймылынын жана аларды эксплуатациялоонун коопсуздук эрежелерин бузуу | 253 | 218 | 105,4 | 86,2 |

2026-жылдын январь-июлунда кылмыш жасаган 13,5 миң адам кармалды, бул 2025-ж. тиешелүү мезгилине салыштырганда 11,4 пайызга көп. Алардын жалпы санынын 14,1 пайызын аялдар, 4,2 пайызын жашы жете электер түздү, ал эми алардын ичинен 64,7 пайызы эч жерде окубаган жана иштебеген адамдар.

**86-таблица: Январь-июлда кылмыш жасагандардын курамы**

| | Адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025 | 2026 | 2025 | 2026 |
| **Кармалгандардын - бардыгы** | **12 114** | **13 490** | **105,5** | **111,4** |
| анын ичинде: | | | | |
| эркектер | 10 558 | 11 591 | 106,9 | 109,8 |
| аялдар | 1556 | 1 899 | 97,2 | 122,0 |
| Кылмыш кылган учурдагы курагы боюнча: | | | | |
| 14-17 жаш | 955 | 572 | 99,0 | 59,9 |
| 18-24 жаш | 2 281 | 3 003 | 106,0 | 131,7 |
| 25-28 жаш | 1 424 | 1 483 | 105,9 | 104,1 |
| 29 жаш жана андан улуу | 7 451 | 8 428 | 106,2 | 113,1 |
| Кылмыш кылган учурдагы иши боюнча анын ичинен: | | | | |
| иштегендер | 307 | 297 | 102,3 | 96,7 |
| билим берүү уюмдарында окугандар менен студенттер | 494 | 384 | 104,9 | 77,7 |
| окубагандар жана иштебегендер | 8 155 | 8 727 | 104,9 | 107,0 |

2026-жылдын январь-июль айларында жашы жете электер тарабынан 572 кылмыш жасалган, мында өспүрүмдөрдүн басымдуу бөлүгү (75,9 пайызы) кылмышты биринчи жолу жасаган, ал эми алардын ар бир төртүнчүсү (24,1 пайызы) буга чейин да кылмыш жасаган. Мындай кылмыштардын эң көп саны уурулукка туура келет, кылмыш жасаган балдардын жалпы санындагы алардын салыштырма салмагы - 34,6 пайызын, тоноочулук - 18,5 пайызын жана алдамчылык - 7,5 пайызын түздү.

Муну менен катар, 2026-ж. январь-июлунда кылмыштуу кол салуулардан 832 жашы жете элек балдар жабыркаган. Балдардын эң көп саны уурулуктун натыйжасында жабыркаган- бул жабыркаган балдардын жалпы санынын 20,9 пайызын түзөт, ошондой эле зордуктоодон - 10,6 пайызы, он алты жашка толо элек балдар менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттерден - 10,8 пайызы, тоноочулуктан - 7,8 пайызы жана алдамчылыктан - 7,3 пайызы жабыркаган. Кылмыштуу аракеттердин натыйжасында 37 бала каза болгон, ал эми 181 бала денесинен жаракат алышкан. Жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын эң көп саны 31,8 пайызы - Бишкек шаарында, 17,8 пайызы - Жалал-Абад облусунда, 11,8 пайызы - Чүй облусунда, 11,3 пайызы - Ош шаарында жана Ысык-Көл облусунда - 10,0 пайызы болгон.

2026-жылдын январь-июлунда республиканын аймагында аялдарга карата 7 129 кылмыш жасалган, алардын эң көп үлүшү 47,5 пайызы - Бишкек шаарына, 11,1 пайызы - Чүй облусуна, Жалал-Абад облусуна - 10,4 пайызы жана 8,9 пайызы - Ош шаарына туура келген. Жабыркаган аялдардын жалпы санынын 45,7 пайызы алдамчылыктын жана 26,4 пайызы уурулуктун натыйжасында жабыркаган.

2026-жылдын январь-июлунда улгайган курактагы жарандарга каршы 1 262 кылмыш катталган. Мындай учурлардын 51,3 пайызын - алдамчылык, 20,8 пайызын - уурулук, 7,8 пайызын - төлөмдүн электрондук каражаттарын, виртуалдык актив капчыгын жана SIM-картаны үчүнчү жактарга атайылап өткөрүп берүү же сатуу түзгөн. Жабыркагандардын эң көп саны Бишкек шаарында - 38,7 пайызы, Чүй облусунда - 14,5 пайызы, Ысык-Көл облусуна - 9,2 пайызы жана Жалал-Абад облусунда - 9,0 пайызы белгиленди.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улутстаткомунун төрагасы** **Б.Ж. Кудайбергенов**